**БЕКИТЕМИН**
С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди
«27» 08 2021-жыл. Протокол № 1
АТЭКтин директору ______ Жаныбек у Р.

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН СТУДЕНТТЕРИНИН ЖЕТИШҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АППЕЛЯЦИЯЛЫК КОМИССИЯГА ӨТҮНҮЧ ЖАНА АРЫЗ ТҮРҮНДӨ БИЛДИРҮҮЛӨР МЕНЕН КАЙРЫЛУУ ПРОЦЕДУРАЛАРЫ БОЮНЧА ЖОБОСУ

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Бул жобо С.Нааматов атындагы НМУнун Агрардык техникалык-экономикалык колледжиндеги (мындан ары Колледж) билим берүү программалары боюнча зачеттук-экзамендик сессиялардын жыйынтыктары боюнча түшкөн арыздардын жана кайрылуулардын комиссия тарабынан каралуу процедураларынын тартиптерин жана эрежелерин, комиссиянын ыйгарым укуктарын аныктайт;

1.2. Каралуучу арыздар жана кайрылуулар болуп колледжде учурда билим алып жаткан студенттердин өзүнүн пикиринде кайсыл бир дисциплина боюнча зачеттук-экзамендик сессиядагы алган баасына карата наразылыгын же макул эместигин билдирген аргументтештирилип жазылган билдирүүлөрү саналат.

## 2. АППЕЛЯЦИЯЛЫК КОМИССИЯНЫН КУРАМЫ

2.1. Комиссиянын курамы колледждин директору тарабынан бекитилет;

2.2. Комиссия зарылчылыктарга карата зачеттук-экзамендик сессиялардын учурунда түзүлөт;

2.3. Комиссиянын курамы окуу иштери боюнча директордун орун басары, цикл башчысы. Педагогикалык кецештин мүчөсү болгон колледждин окутуучуларынын бири, колледждин eBilim маалыматтык системасы боюнча жооптуу кызматкеринен турат;

2.4. Комиссия ар бир цикл боюнча түзүлөт. Окуу иштери боюнча директордун орун басары Комиссияга төрөгалык кылат жана анын курамынын ичинен катчы дайындалат.

2.5. Эгер түшкөн арызга комиссиянын курамындагы адамдардын түздөн-түз тиешеси болсо (өтүлгөн предмет жана коюлган баа ага таандык болсо), ал адам комиссиянын курамынан убактылуу (учурдагы маселе боюнча) четтетилет;

## 3. КОМИССИЯНЫН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

3.1. Комиссия зачеттук-экзамендик сессиялардагы Колледждеги колдонулуп жаткан модулдук-рейтингдик баалоо системасынын талаптарын туура колдонулуусун камсыз кылуу жана билим алуучулардын алган бааларына карата наразылык билдирүүсү же баалоо процедураларынын тура эмес жүргүзүлүүсүнүн натыйжасында келип чыккан башка талаштуу маселелерди чечүү максатында түзүлөт;

3.2. Комиссиянын негизги милдеттери болуп төмөндөгүлөр саналат:

- Зачеттук-экзамендик сессиялардын учурундагы белгиленген тартиптеги процедуралардын бузулуусунан келип чыккан маселелерди жана студенттердин алган баасына канаагтанбагандыктан жазган арыздарын кабыл алуу жана кароо;
- Колледжде колдонулган баалоо системасы жана өтүлгөн предметтин баалоо талаптары менен зачеттук-экзамендик сессия учурундагы коюлган баанын өз ара шайкеш келүүсүнө аныкгама берүү;
- Каралган маселенин жыйынтыгы боюнча чечим чыгаруу;

Чыгарылган чечимди предметтик окутуучуга жана студентке тааныштыруу.

## 4. АРЫЗДАРДЫ ЖАНА КАЙРЫЛУУЛАРДЫ КАРОО ТАРТИБИ

4.1. Арызды же кайрылууну кароо экзаменди же зачету кайра тапшыруу болуп саналбайт;

4.2. Арыздын каралуу тартиби: студент → куратор → цикл жетекчиси → окуу иштери боюнча директордун орун басары - комиссия тартибинде жүргүзүлөт. Ал студент ага макул эмес болсо комиссияга түз кайрыла алат;

4.3. Студент зачеттук-экзамендик сессиянын жыйынтыгына макул эмес болсо баа коюлган учурдан баштап кийинки иш күнү аяктаган мезгилге чейин кайрылышы керек;

4.4. Арыз тушкөн мезгилден баштап кийинки иш күнү аяктаган мезгилге чейин каралууга жана бул тартипти Колледждин кызматкерлери жана Комиссия мүчөлөрү бекем сактоого тийиш;

4.5. Чечим добуш берүү аркылуу кабыл алынып, каршы жана макул болгондордун саны тең болуп калса төраганын добушу чечүүчү кучкө ээ болот;

4.6. Кайрылуучу тарап (студент) процедураны сактабаса же Колледждин ички тартиптерин бузган болсо, андан сырткары зачеттук-экзамендик сессиянын талаптарын аткарбаса, анын арызы каралбайт;

4.7. Кайрылуучу тарап арыз каралып жаткан учурда комиссиянын отурумуна катыша алат жана ал учурда өздүгүн аныктаган документ жанында болуусу керек;

4.8. Зачет же экзамен алуунун процедурасын жүргүзүү учурундагы экзаменатор тарабынан баанын төмөндөтүлүп коюлушуна себеп болгон фактылар аныкталса Комиссия өз чечимин жана сунушун протокол түрүндө колледждин директоруна тапшырат.

4.9. Кайра тапшыруу боюнча буйрукту (комиссиянын сунушунун негизинде) Колледждин директору чыгарат. Буйруктун негизинде eBilim маалыматтык базасы боюнча Колледждин кызматкери кайра тапшыруу баракчасын (жүгүртмө барак) чыгарат жана ага сынактын баасы түшүрүлөт;

4.10. Студентке кайра тапшырууга уруксат берилген соц директордун буйругу менен комиссиянын катышуусунда жеке сынак уюштурулат жана анын жүрүшү боюнча протокол түзүлөт;

4.11. Кайрылуучу тарап белгиленген мөөнөттө комиссиянын чакыруусуна жана кайра тапшыруу сынагына келбесе анын арызын кароо токтотулат. Ден соолугуна байланыштуу себептер да медициналык справка өз убагында көрсөтүлбөсө эске алынбайт;

4.12. Кайрылуучу тарап кайра тапшыруу сынагынан өтпөй калса, кийинки семестрде кайрадан ошол дисциплинаны окууга жана сынак тапшырууга милдеттендирилет. Бүтүрүүчү курстун акыркы семестринде кайра тапшыруу сынагынан өтпөй калган студентке жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарга катышууга уруксат берилбейт;

4.13. Комиссиянын отурумдары, кабыл алынган чечимдери, кара тапшыруу сынагы боюнча протоколдор колледжде белгиленген мөөнөткө чейин сакталат.

**Агрардык техникалык-экономикалык колледжи**

**Тиркеме А**

Студенттердин билим сапаты боюнча жамааттык арызынын формасы

Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин директоруна
директордун аты жөнү______________
студенттердин тайпасы,курсу,адистиги
студенттердин аты жөнү

АРЫЗ

Билим сапаты боюнча маселенин сүрөттөлүшү__________________________________

Студенттердин атынан суранабыз.

Студенттин аты жөнү колу дата

Тайпанын старостасы:

**Агрардык техникалык-экономикалык колледжи**

**Тиркеме Б**

Студенттердин билим сапаты боюнча жеке арызынын формасы

Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин директоруна
директордун аты жөнү______________
студенттин тайпасы,курсу,адистиги
студенттин аты жөнү

АРЫЗ

Билим сапаты боюнча маселенин сүрөттөлүшү__________________________________

Суранам.

Студенттин аты жөнү                    колу     дата